# “Билим берүү чөйрөсүндө сапаттын кепилдиги боюнча EdNet агенттиги”

**570012 - «Музыкалык эстрада искусствосу» (түрлөрү боюнча) билим берүү программасын көз карандысыз аккредитациялоонун жыйынтыгы боюнча**

## ЭКСПЕРТТИК КОМИССИЯНЫН КОРУТУНДУСУ

**Окутуунун деңгээли: Специалитет**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Апрель, 2025**

## Мазмуну

**Маалымат – Программа жана аккредитация процессу тууралуу**
1-Стандарт. ББнын миссиясы жана билим берүү программасын өнүктүрүү стратегиясы
2-Стандарт. Сапатты камсыздоо системасы
3-Стандарт. Билим берүү программасынын максаттары жана окуу жыйынтыктары
4-Стандарт. Билим берүү программасын иштеп чыгуу, бекитүү жана мазмуну, студентке багытталган окуу процессин камсыздоо
5-Стандарт. Окутуучулар курамы
6-Стандарт. Инфраструктура, ресурстар жана студенттерди колдоо
7-Стандарт. Айкындуулук, башкаруу, маалыматтын ишенимдүүлүгү жана коомчулукту кабардар кылуу

**Артыкчылыктар, сунушталган чаралар жана ОО/ОП үчүн милдеттүү түрдө аткарылышы керек болгон сунуштар**

Тиркеме 1. Эксперттик комиссия мүчөлөрүнүн кыскача өмүр баяны
Тиркеме 2. Эксперттик комиссиянын ООго болгон сапарынын программасы
Тиркеме 3. Окуу жыйынтыктарынын тизмеси
Тиркеме 4. Эксперттик комиссиянын мүчөлөрү тарабынан анализделген документтер жана иштердин тизмеси

## Билим берүү программасы жана аккредитациялоо процесси жөнүндө кыскача маалымат

### ББУ/ББП жөнүндө кыскача маалымат

| Билим берүү уюмунун аталышы | ОшМУ |
|---|---|
| **Уюмдун менчигинин формасы** | мамлекеттик |
| **Программанын/адистиктин аталышы** | Музыкалык эстрада искусствосу |
| **Программанын коду** | 570012 |
| **Багыты, профили** | Концерттик аткаруучу, оркестрдин солисти, эстрадалык оркестрдин жетекчиси, окутуучу |
| **Окутуунун деңгээли** | специалитет |
| **ББПдагы кредиттердин саны** | 300 |
| **Дареги** | Ош шаары, А. Масалиев проспектиси - И. Монуев к., 48в |
| **Окутуунун тили** | Кыргызча |
| **Өзүн-өзү баалоо даталары** | Октябрь 2024 – март 2025 |
| **Эксперттик комиссиянын билим берүү уюмуна баруу мөөнөттөрү** | 15-16-17-апрель 2025-ж. |
| **Программанын жетекчиси** | Нурбаев А. С. |
| **Билим берүү уюмунун аталышы** | Педагогика, искусство жана журналистика институту |

Эксперттик комиссиянын курамы 2025ж, 7 апрель күнү бекитилген. Комиссия курамындагы эксперттердин квалификациялары менен ББУнун ортосундагы кызыкчылыктардын кагылышуусу болбогондугу алдын ала макулдашылган. Комиссия курамы:

1. **Садыкова Гулзат Эркинбаевна**, кандидат культурологии, Проректор по науке Исламского университета Кыргызстана, доцент кафедры искусствоведения Национальной академии художеств Кыргызской Республики имени академика Т. С. Садыкова, эксперт по системе гарантии качества Агентства EdNet;
2. **Жолдошева Айнура Буудайыковна**, к т н, доцент, зав каф "Художественное проектирование изделий" КГТУ им И Раззакова;
3. **Сулайманова Жылдыз Назарбековна**, к.п.н., доцент кафедры «Технологии и искусства костюма, текстиля» ФИД КГУ и.И.Арабаева:
4. **Джакыпов Кубатбек Куланчиевич**, проректор по учебной работе Кыргызский национальный университет культуры и искусств имени Бубусары Бейшеналиевой;

5. **Турдугулова Айтурган Турдугуловна**, и.о. декана факультета эстрады и музыкального образования Кыргызский национальный университет культуры и искусств имени Бубусары Бейшеналиевой;
6. **Садырова Гульзат,** заведующая Отделом качества, аккредитации и лицензирования, доцент Кыргызского Национального Аграрного Университета имени К.И. Скрябина, эксперт по системе гарантии качества Агентства EdNet;
7. **Омурканова Айгуль Турарбековна**, кандидат филологических наук, доцент, PhD. Тренер ментор и куратор ментор по работе со студентами медиапроектов ОФ "Институт Медиа Полиси". Экс Руководитель Образовательных программ по направлениюю 42.03.02, 530600 Журналистика КРСУ;
8. **Машрапов Таласбек Туратбекович**, кандидат исторических наук, и.о., профессор, декан факультета «Востоковедения и международных отношений» Бишкекского государственного университета имени К. Карасаева;
9. **Джапарова Нургуль Сулаймановна**, к.э.н., заведующая кафедрой туризма, руководитель образовательных программ высшего профессионального образования и среднего профессионального образования направлений/специальностей Туризм и Менеджмент, Академия Туризма;
10. **Дауен Динара Бақыткерейқызы,** Казахский национальный университет им. Аль-Фараби PhD., Доцент кафедры китаеведения, факультета Востоковедения Председатель Ассоциации китаеведов РК;
11. **Болотова Айгуль Мекеновна, генералный директор, LLC Irbis Communication , GOPA Worldwide Consultants GmbH эксперт;**
12. **Пулатова Гульнара Тулановна,** к.э.н. доцент, профессор кафедры Экономики и Финансов, Некоммерческое образовательное учреждение "Учебно-научно-производственный комплекс Международный Университет им.К.Ш.Токтомаматова, эксперт по системе гарантии качества Агентства EdNet;
13. **Акпаралиев Руслан Абдысаматович,** Кандидат технических наук, доцент, Директор Энергетического Института Кыргызского Государственного Технического Университета им. И. Раззакова;
14. **Турдуев Мирбек,** Профессор отделения электроники и электрической инженерии, Кыргызско- Технический Университет "Манас", Приглашенный научный сотрудник, Массачусетский Технологический Институт (MIT), PhD University of Economics and Technology (Турция), Post Doc в Политехническом университете Каталонии (Испания);
15. **Ибраев Алмазбек Дүйшөков,** к.п.н., доцент кафедры Педагогики, прикладной информатики и естественных дисциплин» Международного Кувейтского университета.
16. **Урдалетова Анаркуль Бурганаковна, Профессор, доктор математических наук отделения "Математика" Кыргызско-Турецкого Университета "Манас"**
17. **Сатыбаев Дастан Нурланбекович, руководитель программ "Иностранный язык", "Переводческое дело" СПО УНПК "МУК"**
18. **Шерипбаева Гулнур Болотбекова, директора Школы гимназии Олимп**

19. **Иманкулова Жаркынай Шавкатовна, основатель ателье и учебного центра «Jarkyn fashion** school»

EdNet агенттиги тарабынан эксперттик комиссияны координациялоо ишин Иманбекова А.С. жүргүздү

Стандарттар жана программа жалпысынан EdNet агенттигинде атайын бекитилген баа берүү шкаласы аркылуу жүргүзүлдү:

- **толугу менен туура келет**
- **көп даражада дал келет**
- **жарым жартылай туура келет**
- **туура келбейт**

*Ошентип, эксперттик комиссия ар бир стандарт үчүн программага төмөнкүдөй баа берди:*

| | |
|---|---|
| *1-стандарт. ББУнун миссиясы жана билим берүү программасынын өнүгүү стратегиясы.* | Көбүнчөсү дал келет |
| *2-стандарт. ББПнын сапат кепилдигинин саясаты жана системасы.* | Көбүнчөсү дал келет |
| *3-стандарт. Билим берүү программасын окутуунун максаты жана натыйжалары.* | Көбүнчөсү дал келет |
| *4-стандарт. Билим берүү программасынын иштелмеси, мазмуну жана бекитилиши жана студентке багытталган окутууга өбөлгө болуучу билим берүү процесси.* | Көбүнчөсү дал келет |
| *5-стандарт. Профессорлук-окутуучулук курам.* | Көбүнчөсү дал келет |
| *6-стандарт. Инфраструктура, ресурстар жана студенттерди колдоо.* | Көбүнчөсү дал келет |
| *7-стандарт. Башкаруу, маалыматтын ачык-айкындыгы жана ишенимдүүлүгү. Коомчулукка маалымат берүү.* | Жарым-жартылай дал келет |

Эксперттик комиссиянын бардык мүчөлөрү баалоо EdNet агенттигинин стандарттарына жана агенттикти аккредитациялоо саясатына ылайык жүргүзүлгөндүгүн жана бул отчетто берилген баалоонун жыйынтыктары боюнча тыянактар чындыкка дал келерин жана коомчулукка толук таянууга боло турган, объективдүү жана калыс маалымат бере тургандыгын тастыкташат жана Агенттиктин аккредитациялоо боюнча кеңешине чечим кабыл алуу үчүн кароого сунуштарын беришет.

*2025-жылдын 25-майындагы №СА 11-протоколго ылайык, EdNet Агенттигинин Аккредитациялоо боюнча Кеңешинин чечими 5 (беш) жылдык мөөнөткө укук берет.*

# Программаны стандарттарга ылайык баалоо

## *1-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМУНУН МИССИЯСЫ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ.*

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы*** <br><br> ***Бул стандартка ылайык, билим берүү уюмунун так аныкталган Миссиясы болушу керек. Билим берүү уюмунун миссиясы жалпыга маалым болушу керек. Билим берүү программасын өнүктүрүү боюнча иштелип чыккан стратегия Билим берүү уюмунун миссиясын ишке ашырууга көмөктөшүүгө тийиш .*** |
| ***Стандартка Колдонмо*** <br><br> *Уюмдун миссиясы ар бир билим берүү мекемесинин стратегиялык өнүгүү планынын эң маанилүү бөлүгү болуп саналат. Ал ишмердүүлүктүн негизги максатын аныктайт. Адатта, билим берүү уюму өз ишин так миссияны аныктоо менен баштайт, бул ички стейкхолдерлерди багыттап, аларга өз алдынча, ошол эле учурда жалпы максаттарга жетүү үчүн жамааттык түрдө иштөөгө мүмкүнчүлүк берет.* <br><br> *Миссия келечекке болгон умтулууну чагылдырат, эмнеге аракет жумшала турганын жана кайсы баалуулуктарга артыкчылык берилерин көрсөтөт. Уюмдун миссиясы жана максаттары билим берүү уюмунун өнүгүүсүнүн негизги багытын аныктайт. Миссияга ылайык ар бир билим берүү мекемеси үчүн өнүгүү стратегиясы жана стратегиялык өнүгүү планы иштелип чыгат.* <br><br> *Билим берүү программасын өнүктүрүү стратегиясы – бул билим берүү программасын өнүктүрүүнү башкаруу боюнча чаралар системасы, ал узак мөөнөттүү артыкчылыктарга негизделет. Өнүктүрүү стратегиясы максаттарды коюуну, ал максаттарга жетүү үчүн иш-аракеттерди аныктоону жана бул иш-аракеттерди ишке ашыруу үчүн зарыл болгон ресурстарды мобилизациялоону камтыйт. Билим берүү программасынын стратегиялык өнүгүү планы программанын максаттарына жетүү үчүн бар ресурстарды кандайча пайдалануу керектигин сүрөттөйт.* |

**Жалпы баалоо ББП 570012 - «Музыкалык эстрада искусствосу» (түрлөрү боюнча)**

Эксперттик комиссия Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ) миссиясынын мазмунун анализдөө жүргүздү. Университеттин миссиясы төмөнкүчө аныкталган: "жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошкон заманбап адистерди даярдоо" (ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 31-мартындагы №7 жыйынынын протоколу).

Эксперттик комиссия ОшМУнун миссиясы ачык-айкын жана кыскача аныкталган деп эсептейт. Анда заманбап адистерди даярдоо жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуу сыяктуу негизги багыттар камтылган. Ошондой эле, университеттин келечектеги максаты – ОшМУну дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөө жана инновациялык университетке айландыруу экендиги белгиленген.

Маектешүү учурунда профессордук-окутуучулар курамы (ПОК), административдик башкаруу персоналы (АБП) жана студенттер менен болгон баарлашууларда университеттин миссиясы жана стратегиялык максаттары тууралуу маалымдуулук бар экендиги аныкталды. Комиссиянын корутундусуна ылайык, респонденттер университеттин миссиясын түшүнүшөт жана аны өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алышат.

Эксперттик комиссия ОшМУнун миссиясы университеттин расмий веб-сайтында (https://www.oshsu.kg/ru/page/15) жана башка документтерде (https://base.oshsu.kg/resurs/document/DOCX-20250227105954-kylych.docx, https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21682327407Missiya_OshGU-1.pdf) жарыяланып, бардык кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү экендигин тастыктайт.

Бирок, айрым маектешүүлөрдүн жүрүшүндө университеттин стратегиялык максаттарынын деталдары жана аларды ишке ашыруу механизмдери тууралуу кээ бир суроолор жаралды. Айрыкча, дүйнөнүн алдыңкы 700 изилдөө университеттеринин катарына кирүү жана Борбордук Азиядагы эң мыкты үч университеттин бири болуу максаттарына жетүү үчүн конкреттүү кадамдар жана индикаторлор боюнча кошумча түшүндүрмөлөр талап кылынышы мүмкүн.

Тышкы эксперттик комиссиянын иш сапарынын жүрүшүндө университеттин стратегиялык өнүгүүнүн 2023-2026-жылдарга карата модели (https://www.oshsu.kg/storage/uploads/files/21708594193Osh_mamlekettik_universitetinin_2023-2026-zhyldarga_turuktuu_onuguu_modeli.pdf) менен таанышуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү. Бул документте стратегиялык багыттар, анын ичинде окуу процессиндеги инновациялар, изилдөө университетине трансформациялоо, кадрдык потенциалды өнүктүрүү жана эл аралык кызматташтык сыяктуу маанилүү аспектилер камтылган.

Берилген документтердин негизинде Комиссия ОшМУнун миссиясы университеттин ишмердүүлүгүнүн негизин түзөт жана анын стратегиялык өнүгүү пландары менен шайкеш келет деген корутундуга келди.

Документтерди изилдөө учурунда алынган маалыматтарды жана маектешүү учурунда түзүлгөн талкууларды эске алуу менен, комиссия университеттин миссиясы жана стратегиялык максаттары бардык кызыкдар тараптар тарабынан кабыл алынып, колдоого алынат деген тыянакка келди.

Ушул анализ, ОшМУнун миссиясын ишке ашыруудагы маанилүү артыкчылыктарды, мүмкүн болуучу өсүү пункттарын жана программанын мүмкүнчүлүктөрүн аныктоого жардам берет.

Маанилүү артыкчылыктардын / жетишкендиктердин катарына университеттин миссиясынын ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү, жетекчиликтин жана кызматкерлердин миссияны түшүнүүсү жана аны менен шайкеш иш алып баруусу, ошондой эле билим берүү программаларын өнүктүрүү стратегиясынын иштелип чыгышы жана ишке ашырылышы кирет. Мисалы, "Музыкалык эстрада искусствосу" адистигин даярдоодогу билим берүү программасын өнүктүрүү иш-чаралары университеттин миссиясын ишке ашырууга багытталган.

Программанын эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн стратегиялык максаттарды ишке ашыруунун конкреттүү механизмдерине, алардын аткарылышын баалоо критерийлерине жана кызыкдар тараптар менен болгон коммуникацияны күчөтүүгө өзгөчө көңүл бурулушу керек.

Талдоо, SWOT отчетунун жана берилген далилдерди эске алуу менен, эксперттик комиссия ОшМУнун миссиясы анын ишмердүүлүгүнүн маанилүү негизи болуп саналат жана университеттин өнүгүү стратегиялары менен тыгыз байланышта деген корутундуга келди. Университет өзүнүн миссиясын ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн мындан ары дагы аракеттерди көрүшү зарыл.

Ош мамлекеттик университетинин миссиясы жогоруда белгиленгендей, кабыл алынган, талкууланган жана ар кандай булактар аркылуу бардык кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү.

Педагогика, искусство жана журналистика институтунун мисалында көрүнүп тургандай, билим берүү программаларынын жетекчилиги жана кызматкерлери университеттин миссиясын талкуулап, аны өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алышат. ББПлардын максаттары жана окутуу натыйжалары университеттин миссиясына ылайык кайрадан каралып чыгууда.

Бирок интервью учурунда төмөнкүлөр аныкталды: Кээ бир респонденттер стратегиялык максаттарга жетүү үчүн конкреттүү кадамдар жана аткаруу индикаторлору тууралуу жеткиликтүү жана так маалыматка муктаж экенин билдиришти. Өзгөчө дүйнөлүк алдыңкы 700 университеттин катарына кирүү максаттарынын аткарылыш механизмдери боюнча кошумча түшүндүрмөлөр зарыл экени белгиленди. Ошондой эле стратегиялык өнүгүү модели иштелип чыккан жана анда негизги багыттар белгиленген. Бирок бул моделди ишке ашыруу этаптары жана көзөмөл механизмдери боюнча ачык-айкын механизмдер толук жазыла элек.

Берилген документтердин жана интервьюлардын негизинде комиссия төмөнкү тыянактарга келди: Университеттин миссиясы ишмердүүлүктүн негизин түзөт жана стратегиялык пландар менен байланышы бар. Миссия ички жана тышкы кызыкдар тараптар арасында кабыл алынган жана колдоого алынган. Бирок миссияны ишке ашырууда конкреттүү иш-аракеттердин мониторинг системасын, индикаторлорду жана натыйжа көрсөткүчтөрүн тактоо зарыл.

***Артыкчылыгы / Преимущества***

1. *Маектешүүлөр көрсөткөндөй, университеттин жетекчилиги жана кызматкерлери миссияны түшүнүшөт жана аны өз ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алышат.*
2. *Билим берүү программаларынын максаттары жана окутуу натыйжалары университеттин миссиясына ылайык кайрадан каралып чыгууда. Мисалы, Педагогика, искусство жана журналистика институтундагы иш-аракеттер муну тастыктайт.*
3. *Университеттин миссиясын ишке ашырууга багытталган 2023-2026-жылдарга карата туруктуу өнүгүү модели иштелип чыккан.*
4. *ОшМУнун миссиясы так, кыскача жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга багытталган.*

***Сунушталган иш чаралар/ Рекомендуемые меры***

1. *Стратегиялык максаттарды ишке ашыруунун конкреттүү механизмдерин иштеп чыгуу.*
2. *Стратегиялык максаттардын аткарылышын баалоо үчүн так критерийлерди аныктоо.*

3. *Университеттин миссиясы жана стратегиялык максаттары боюнча бардык кызыкдар тараптар менен болгон коммуникацияны күчөтүү.*
4. *Дүйнөнүн алдыңкы 700 изилдөө университеттеринин катарына кирүү жана Борбордук Азиядагы эң мыкты үч университеттин бири болуу максаттарына жетүү боюнча конкреттүү кадамдарды пландаштыруу жана ишке ашыруу.*
5. *Стратегиялык максаттарды ишке ашыруунун конкреттүү кадамдарын жана индикаторлорун (аткаруу көрсөткүчтөрүн) түзүү жана кеңири жайылтуу.*
6. *Дүйнөлүк алдыңкы университеттерге чыгуу үчүн иш-аракеттердин так планын (жол картасын) иштеп чыгуу.*
7. *Респонденттер арасында миссиянын жана стратегиянын ишке ашырылышы тууралуу үзгүлтүксүз түшүндүрүү иштерин жүргүзүү (семинарлар, жолугушуулар, маалымат күндөрү аркылуу).*

***Сунуштар милдеттүү түрдө аткарылышы керек / Рекомендации обязательные к исполнению***

1. *Университеттин миссиясын ишке ашырууну мониторинг жүргүзүү үчүн ачык индикаторлорду жана жылдык отчеттуулук системасын киргизүү.*
2. *Стратегиялык максаттарга жетишүүнү баалоо үчүн тиешелүү механизмдерди жана инструменттерди (мисалы, жылдык прогресс отчеттору, аналитикалык баалоо) өнүктүрүү.*
3. *Коомчулук жана стейкхолдерлер үчүн миссиянын жана стратегиянын ишке ашырылышы боюнча үзгүлтүксүз маалыматтык кампанияларды уюштуруу.*

***1-стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – ушул Агенттиктин стандартына Көбүнчөсү дал келет /Решение комиссии по Стандарту 1 – деятельность ОП –В большей степени соответствует данному Стандарту Агентства).***

## *2-СТАНДАРТ. САПАТТЫ КАМСЫЗДОО САЯСАТЫ ЖАНА СИСТЕМАСЫ.*

***Стандарттын аныктамасы***

*Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы академиялык сапатты камсыздоо саясатына жана системасына карата талаптарды аныктап, анын түзүлүшү жана ишке ашырылышы боюнча сапатты кепилдөө механизмдерин камтышы керек. Сапатты кепилдөө тутумуна ылайык, билим берүү уюму сапатты тыштан камсыздоо процедураларын үзгүлтүксүз негизде өткөрүп турууну жана ББПны тынымсыз өркүндөтүүнү караштырат.*

*Ички кызыкдар тараптар бул саясатты тышкы стейкхолдерлерди тартуу менен тиешелүү структуралар жана процесстер аркылуу иштеп чыгышы жана ишке ашырышы керек.*

*Билим берүү уюму программаларды көзөмөлдөөнү жана мезгил-мезгили менен карап чыгууну ишке ашыруусу зарыл. Бул аракеттер коюлган максаттарга жетүүнү жана студенттер менен*

*коомдун муктаждыктарына ылайык келүүнү камсыз кылат. Карап чыгуу жыйынтыктары программаларды үзгүлтүксүз жакшыртууга багытталган болушу керек. Ар кандай пландалган иш-аракеттер же алынган жыйынтыктар бардык кызыкдар тараптарга маалымдалышы зарыл.*

*Программаны ишке ашыруу процессинде академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптери сакталышы керек. ББПнын ички кызыкдар тараптары сапатты кепилдөө үчүн биргелешкен жоопкерчиликти сезишет.*

*Билим берүү программасын ишке ашыруу алкагында билим берүү программасынын Окуу натыйжаларынын максаттары менен мазмунун кайра карап чыгуу жана өзгөртүүлөрдү киргизүү механизми, ошондой эле Окуу натыйжаларына жетүү жана билим берүү программасын өркүндөтүү үчүн окуу процессин мониторинг кылуу, баалоо жана оңдоо механизми аныкталышы керек.*

*Программаны ишке ашыруу учурунда бардык кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун тийиштүү баалоо камсыз кылынат жана профессордук-окутуучулар курам менен административдик персоналдын компетенттүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө, баалоо жана өркүндөтүү механизми иштейт.*

*Ички кызыкдар тараптардын канааттануу деңгээлин баалоо механизмдери ББП сапатын жакшыртууга багытталган.*

***Стандартка Колдонмо***

*Саясат жана процесстер билим берүү уюмунун сапатты камсыздоо тутумунун негизги өзөгүн түзөт, бул үзгүлтүксүз өркүндөтүү цикли болуп саналат жана билим берүү уюмунун жоопкерчиликтүүлүгүн камсыздоого көмөктөшөт. Булардын бардыгы билим берүүнүн сапаты үчүн жоопкерчиликти бардык ички кызыкдар тараптар өзүнө алган жана окуу жайдын бардык деңгээлдеринде сапатты камсыздоо процесстерине катышкан сапат маданиятын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтөт. Бул процессти илгерилетүү үчүн саясат расмий макамга ээ жана коомчулук үчүн жеткиликтүү.*

*Сапатты камсыздоо жаатындагы саясат билим берүү уюму иш алып барган улуттук контекстти, ошондой эле окуу жайдын ички контекстин жана анын стратегиялык жолун эске алуу менен илимий изилдөөлөр, окутуу жана үйрөтүүнүн ортосундагы байланышты чагылдырып, дагы натыйжалуу болот.*

*Билим берүү программаларын үзгүлтүксүз мониторинг кылуу, карап чыгуу жана кайра иштеп чыгуу натыйжалары программаларды үзгүлтүксүз жакшыртууга алып келиши керек.*

*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы мыйзамдарга ылайык, белгиленген мезгилдерде сапатты тышкы камсыздоо процедураларына катышууга тийиш.*

*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы сапатты тышкы камсыздоонун акыркы процедурасынан бери жетишилген прогрессти кийинки процедурага даярданууда эске алуу үчүн аракет кылууга тийиш.*

**Жалпы баалоо ББП 570012 - «Музыкалык эстрада искусствосу» (түрлөрү боюнча)**

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй, ички стейкхолдерлер сапатты камсыздоо системасынын (СКС) саясатын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга тиешелүү түзүмдөр жана процесстер аркылуу катышат. Бул ишмердүүлүккө тышкы стейкхолдерлердин да тартылышы камсыздалган.

Билим берүү уюму/билим берүү программасынын (ББУ/ББП) ишмердүүлүгүнүн алкагында программаларды мониторинг жүргүзүү жана аларды мезгил-мезгили менен / туруктуу / системалуу түрдө кароо каралган. Бул чаралар коюлган максаттарга жетүүнү жана студенттердин, коомдун муктаждыктарына жооп берүүнү камсыз кылууга багытталган. Мониторингдин жана кайра карап чыгуунун натыйжалары билим берүү программаларын үзгүлтүксүз жакшыртууга өбөлгө түзүүдө.

Стейкхолдерлер менен тыгыз өз ара байланыш бар экени байкалат, анткени пландалган иш-чаралар же алынган натыйжалар толук бардык кызыкдар тараптарга жеткиликтүү түрдө маалымдалат.

Билим берүү программасында академиялык эркиндик жана академиялык чынчылдык принциптери сакталып жатат. Бул факт профессордук-окутуучулук курамдын жана студенттердин ишмердүүлүгүндө академиялык адилеттүүлүк нормаларына баш ийүүсү жана алар үчүн тиешелүү шарттар түзүлгөндүгү менен ырасталат.

ББП ишмердүүлүгүнүн анализи көрсөткөндөй, билим берүү программасын ишке ашыруу алкагында окуу программасынын максаттарын жана мазмунун кайра карап чыгуу жана өзгөртүү механизмдери аныкталган. Ошондой эле, окуу процесси боюнча мониторинг жүргүзүү, баалоо жана түзөтүү механизмдери иштелип чыккан.

Эксперттик комиссия билим берүү программасын ишке ашыруу учурунда кызматкерлердин жалпы ишмердүүлүгүн баалоо ишке ашырылып, ПОКтун жана административдик кызматкерлердин компетенттүүлүгүн жана ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, баалоо жана өркүндөтүү механизмдери иштеп жаткандыгын тастыктайт.

Ошондой эле билим берүү программасынын деңгээлинде ички стейкхолдерлердин канааттануусун баалоо механизмдери иштелип чыгып, сапатты жакшыртуу боюнча чаралар көрүлүүдө.

Өз алдынча баалоо отчетундагы маалыматтарды, SWOT-талдоону, далил базасын жана өткөрүлгөн интервьюлардын жыйынтыктарын эске алуу менен, эксперттик комиссия төмөнкүдөй тыянактарга келди: Ички жана тышкы стейкхолдерлердин катышуусу билим берүү процессинин сапатын жогорулатууну камсыздайт. Программаларды үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү жана кайра карап чыгуу процессинин системалуулугу жана туруктуулугу, өнүгүү багытындагы динамикалык мамилени көрсөтөт. Академиялык эркиндик жана чынчылдык принциптеринин сакталуусу билим берүү процесси үчүн маанилүү фундамент катары белгиленет. Персоналдын ишин үзгүлтүксүз баалоо жана компетенттүүлүктү жакшыртуу боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар сапаттуу билим берүүгө өбөлгө түзүүдө.

Бирок, кээ бир механизмдер дагы да такталып, системалаштырылышы керек, өзгөчө академиялык чынчылдыкты мониторинг жүргүзүү боюнча жана окуу программасын өнүктүрүүдө стейкхолдерлердин баалоосун системалуу колдонууну күчөтүү зарыл.

Өзүн-өзү баалоо отчетунда айрым коомчулукка маалымат берүүнүн натыйжалуулугу боюнча дагы терең анализ жетишсиз: маалымат бар экени белгиленген, бирок маалыматтын таасири кандай (студенттерге, ата-энелерге, иш берүүчүлөргө кандай

жетет?) деген баалоо жетишпейт. Мониторинг жана түзөтүү механизмдеринин иштөөсүнө кээ бир жерде өтө эле оптимисттик баа берилген, бирок ал механизмдердин конкреттүү натыйжалары (мисалы, акыркы өзгөртүлгөн окуу программалары, жаңыртылган модулдар) боюнча мисалдар келтирилген эмес. Профессордук-окутуучулук курамдын компетенттүүлүгүн жогорулатуу иштеринин системалуулугу жөнүндө сөз айтылган, бирок аларды баалоонун жана көзөмөлдөөнүн конкреттүү формалары (мисалы, аттестация, билим деңгээлин текшерүү) так көрсөтүлгөн эмес.

***Артыкчылыгы / Преимущества***

1. *Ички жана тышкы стейкхолдерлердин активдүү катышуусу сапатты камсыздоо процессине тартылган.*
2. *Мониторинг жана кайра карап чыгуу системаларынын бардыгы билим берүү программаларынын үзгүлтүксүз жакшыртылышына өбөлгө түзүүдө.*
3. *Персоналды үзгүлтүксүз баалоо жана квалификациясын жогорулатуу механизмдери ийгиликтүү иштеп жатат.*
4. *Маалыматтардын ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү камсыздалган (мисалы, миссия, максаттар жана саясатын жарыялоо).*
5. *Стейкхолдерлердин пикирлерин жана сунуштарын эске алуу аркылуу программаны өнүктүрүү аракеттери жүргүзүлүүдө.*
6. *Окутуучуларды стимулдаштыруу боюнча иш-чаралардын (конкурстар, грамоталар) болушу.*

***Сунушталган иш чаралар/ Рекомендуемые меры***

1. *Мониторинг жана өзгөртүү механизмдеринин туруктуулугун жана натыйжалуулугун жогорулатуу.*
2. *Студенттердин фокус-группаларын же регулярдуу сурамжылоолорду киргизүү аркылуу программаны үзгүлтүксүз баалоону күчөтүү.*
3. *Академиялык чынчылдыкты атайын саясат жана кодекс аркылуу расмий бекемдөө.*
4. *Билим берүү программасында студенттердин өз алдынча изилдөө иштерине кеңири мүмкүнчүлүк түзүү.*
5. *Стратегиялык максаттарга жетүү үчүн конкреттүү индикаторлорду жана прогресс мониторинг системасын иштеп чыгуу.*
6. *Илимий иштердин жана долбоорлордун сапатын регулярдуу баалоо жана натыйжалуулугун мониторинг жүргүзүү.*

***Сунуштар милдеттүү түрдө аткарылышы керек / Рекомендации обязательные к исполнению***

1. *Мониторинг жана өзгөртүү механизмдерин расмий документтерге жана ички жоболорго бекем жазып чыгуу.*
2. *Академиялык чынчылдыкты көзөмөлдөө үчүн автоматташтырылган текшерүү системаларын киргизүү.*
3. *Ички сапатты камсыздоо боюнча маалыматтардын жарым жылдык ачык отчетторун жарыялап туруу.*

4. *Сайтты жана маалыматтык системаларды өркүндөтүү: мисалы, миссия, максаттар, жетишкендиктер боюнча өзүнчө “Стратегия жана өнүгүү” бөлүмүн ачуу.*
5. *Маалымат башкаруу боюнча автоматташтырылган платформа түзүү (мониторинг системасы, студенттердин жетишкендиктеринин динамикасын кароо).*
6. *Массалык маалымат каражаттары аркылуу ОшМУнун стратегиялык максаттары жана жетишкендиктери тууралуу кеңири маалымат берүү.*
7. *Программаларды үзгүлтүксүз жакшыртуу боюнча сырттан көз карандысыз баалоолорду жыл сайын жүргүзүү.*

***2-стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – ушул Агенттиктин стандартына Көбүнчөсү дал келет /Решение комиссии по Стандарту 2 – деятельность ОП –В большей степени соответствуетданному Стандарту Агентства).***

## *3-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН МАКСАТТАРЫ ЖАНА ОКУУ НАТЫЙЖАЛАРЫ.*

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы***<br><br>*Бул стандартка ылайык, билим берүү программасы так аныкталган жана бекитилген окуу Максаттарын жана Натыйжаларын камтышы керек, алар билим берүү программасынын стейкхолдерлеринин (керектөөчүлөрдүн/кызыкдар тараптардын) талаптарын жана суроо-талаптарын эске алып, билим берүү уюмунун миссиясына шайкеш келиши зарыл.*<br><br>*Окуунун натыйжалары деп, билим берүү программасын аяктагандан кийин студенттин билимин, жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн колдонуу жөндөмдүүлүгүн (компетенцияларын) түшүнүүгө болот.*<br><br>*Окуунун натыйжалары билим берүү программасынын максаттарына, квалификациялардын улуттук алкагына жана мамлекеттик билим берүү стандарттарына шайкеш келиши жана жооп бериши зарыл.* |
| ***Стандартка Колдонмо***<br><br>*Окуу Максаттары жана окуу Натыйжалары билим берүү программасын өнүктүрүүнүн негизги түзүүчү бөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Стейкхолдерлердин, айрыкча иш берүүчүлөрдүн, окуу максаттарын жана окуу Натыйжаларын түзүүгө катышуусу көз карандысыз аккредитациянын негизги талаптарынын бири болуп эсептелет. Билим берүү программасы күткөн окуу Натыйжаларына жетишилгенин жана билим берүү программасынын окуу процессинин натыйжага багытталгандыгын көрсөтүүгө тийиш.* |

*Окуу Максаттары жана окуу Натыйжалары жогрку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарга каршы келбейт, тескерисинче, алардын өркүндөтүлүшүнө өбөлгө түзөт.*

*Окуу Натыйжалары аркылуу билим берүү программасы өзүнүн уникалдуулугун конкреттүү билим берүү уюмунда көрсөтө алат.*

**Жалпы баалоо ББП 570012 - «Музыкалык эстрада искусствосу» (түрлөрү боюнча)**

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй билим берүү программасы (ББП) өзүнүн билим берүү программаларын жана башка ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкаруу үчүн тийиштүү маалыматтарды үзгүлтүксүз чогултат, талдайт жана пайдаланат.
Ички стейкхолдерлер сапатты камсыздоо саясатын иштеп чыгууда жана ишке ашырууда активдүү катышат, тышкы стейкхолдерлерди да тартуу аракеттери жүргүзүлөт.
Эксперттик комиссиянын ою боюнча бул стандарттын талаптарына ылайык, ББПде башкаруунун ачык-айкын жана эффективдүү системасы түзүлгөн. Бардык стейкхолдерлерге зарыл болгон документтерге жана маалыматтарга жетүү камсыздалган. Стратегиялык максаттардын негизинде билим берүү программалары үзгүлтүксүз жакшыртылып турат.

Документацияны изилдөө жана интервьюлар учурунда алынган маалыматтардын негизинде комиссия төмөнкү билим берүү программасын ишке ашырууда отчеттуулук принциптери — коомчулукка жана бардык кызыкдар тараптарга толук, системалуу жана ишенимдүү маалымат берүү — толук түрдө сакталат деген тыянакка келди.

Ал эми маалыматтардын ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү боюнча университеттин расмий сайтында жана башка маалымат ресурстарында маалыматтар жеткиликтүү, так жана актуалдуу түрдө жайгаштырылган. Бирок айрым учурларда стратегиялык максаттарды түшүндүрүү жана жетишкендиктердин индикаторлорун көрсөтүү боюнча кошумча иш алып баруу зарылдыгы аныкталды. ПОК, студенттер менен болгон интервьюлар көрсөткөндөй, кызматкерлер жана студенттер миссияны жана негизги максаттарды түшүнүшөт, бирок айрым респонденттер стратегиялык максаттарды ишке ашыруу пландары боюнча терең маалыматка муктаж экендигин белгилешти.

Билим берүү программасында академиялык эркиндик жана чынчылдык принциптери ишке ашырылган, стейкхолдерлер менен активдүү байланыш жүргүзүлүп турарын эксперттик комиссия тастыктайт. Ошону менен бирге мониторингдин жана окуу процесстерин баалоонун натыйжалуулугу жөнүндө фактылык мисалдар толук берилген эмес.

Документацияны жана интервьюлардан алынган маалыматтарды эске алуу менен комиссия төмөнкүдөй тыянак чыгарды: ОшМУ миссиясын ишке ашыруу үчүн системалуу аракеттерди жүргүзүүдө, бирок программаларды өнүктүрүүдө натыйжалуулукту жогорулатуу үчүн дагы конкреттүү пландарды жана мониторинг системасын күчөтүү керек. Ошондой эле ОшМУнун миссиясы ишмердүүлүктүн маанилүү негизин түзөт жана университет мындан ары миссияны ишке ашыруу процессин конкреттүү кадамдар менен күчөтүшү керек.

***Артыкчылыгы / Преимущества***

1. *ОшМУнун миссиясы заманбап адистерди даярдоо жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуу максатын камтыйт.*

2. *Миссия расмий сайтта жана тиешелүү документтерде жайгаштырылып, коомчулук жана стейкхолдерлер үчүн ачык жеткиликтүү.*
3. *Университеттин 2023–2026-жылдарга карата туруктуу өнүгүү модели иштелип чыккан.*
4. *Окуу планынын мазмунунун тактыгы жана анын аймактык иш берүүчүлөрдүн талаптары менен байланышы.*
5. *Окуучулардын билим сапатына жогорку канааттануусу.*

***Сунушталган иш чаралар/ Рекомендуемые меры***

1. *Студенттерге, кызматкерлерге жана бардык стейкхолдерлерге стратегиялык максаттар жана аларга жетүү механизмдери боюнча кеңири маалымат берүү.*
2. *Стратегиялык максаттардын ишке ашышын баалоо үчүн так критерийлерди жана көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу.*
3. *Сайттагы жана маалымат ресурстарындагы миссия, максаттар жана жетишкендиктер тууралуу маалыматтарды үзгүлтүксүз жаңыртуу.*
4. *Ички жана тышкы стейкхолдерлердин сунуштарын системалуу түрдө чогултуу жана аларды стратегиялык пландаштырууда эске алуу.*
5. *Академиялык мобилдүүлүк аркылуу чет элдик студенттерди тартуу.*
6. *Кесиптик багыт берүү иш-чаралары аркылуу абитуриенттерди тартуу географиясын кеңейтүү.*
7. *Чет элдик билим берүү уюмдарынан конок лекторлорду чакыруу.*
8. *ОшМУнун окутуучуларынын академиялык мобилдүүлүгүн өнүктүрүү боюнча гранттык сынактарга катышуу.*

***Сунуштар милдеттүү түрдө аткарылышы керек / Рекомендации обязательные к исполнению***

1. *Миссияны, максаттарды жана иш-аракеттерди жеткиликтүү жана түшүнүктүү формада коомчулукка жеткирүү үчүн электрондук порталдарды (сайттар, социалдык тармактар, маалыматтык платформалар) активдүү пайдалануу.*
2. *“Алдыңкы 700 университеттин катарына кирүү”, “Борбордук Азиядагы 3 мыкты университеттин катарына чыгуу” сыяктуу максаттар үчүн так KPI (ачкыч көрсөткүчтөрдү) иштеп чыгуу.*
3. *Жыл сайын стратегиялык максаттардын аткарылышы боюнча коомчулукка ачык отчетторду жарыялоо жана талкуулоо.*
4. *Стратегиялык максаттардын индикаторлорун жана аткаруу механизмдерин так иштеп чыгуу.*
5. *Мониторинг жана баалоо процессин системалуу жакшыртуу.*
6. *Маалыматты башкарууну жана коомчулук менен байланыш механизмдерин активдештирүү.*
7. *Дуалдык окутуу ыкмасын ишке ашыруу*
8. *Практиканы экспансия (алыскы аймактарга жөнөтүү) көз карашынан кароо*
9. *Тажрыйба алмашуу процессин өркүндөтүү үчүн университеттин ичинде дагы, башка университеттер менен биргеликте дагы концерттик иш-чараларды киргизүү.*

***3-стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – ушул Агенттиктин стандартына Көбүнчөсү дал келет /Решение комиссии по Стандарту 3 – деятельность ОП –В большей степени соответствуетданному Стандарту Агентства).***

## *4-СТАНДАРТ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ ЖАНА АНЫН МАЗМУНУ, СТУДЕНТКЕ БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУГА ШАРТ ТҮЗҮҮЧҮ ОКУУ ПРОЦЕССИ. СТУДЕНТТЕРДИН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИ ЖАНА БААЛАНЫШЫ.*

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы*** |
| *Бул стандартка ылайык, билим берүү уюмдары өз программаларын иштеп чыгуу жана бекитүү процедураларына ээ болушу керек. Билим берүү программалары белгиленген максаттарга ылайык иштелип чыгышы зарыл.* |
| *Билим берүү программасынын түзүмү жана мазмуну Окуу натыйжаларын камсыздоого тийиш. Билим берүү программасынын ичинде дисциплиналар жана алардын логикалык ырааттуулугу так аныкталган, кредиттердин саны Билим берүү программасынын алкагында белгиленген дисциплиналарга туура келет.* |
| *Колдонулган окутуу формалары жана ыкмалары, ишке ашырылып жаткан Билим берүү программасы бардык студенттердин Окуу натыйжаларына жетишүүсүнө кепилдик бериши керек.* |
| *Программаны өздөштүрүүнүн натыйжасында алынган квалификация так аныкталып жана түшүндүрүлүп, улуттук квалификациялар түзүмүнүн белгилүү бир деңгээлине ылайык келиши керек.* |
| *Программа студенттерди окуу жараянын биргелешип түзүүгө активдүү катышууга шыктандырышы зарыл, ал эми студенттердин жетишкендиктерин баалоо ушул ыкманы чагылдырышы керек.* |
| *Билим берүү уюму / Билим берүү программасы студенттин “өмүр циклинин” бардык этаптарын – атап айтканда, кабыл алуу, академиялык ийгилик, бүтүрүү жана таанылуусун – камтыган алдын ала аныкталган жана жарыяланган эрежелерди бирдей колдонушу зарыл.* |
| *Билим берүү программасында колдонулган ыкмалар дисциплиналардын/модулдардын/программалардын Окуу натыйжаларын ачык, объективдүү жана адекваттуу баалоону камсыз кылууга тийиш.* |
| *Билим берүү программасы инновациялык практикаларды киргизүүнү, практика уюштурууну, студенттердин өз алдынча иштерин, студенттердин илимий-изилдөө иштерин жана башка Окуу натыйжаларына жетишүүнү камсыз кылуучу иш-чараларды камтыйт.* |
| *Студенттерге аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүү принциптерин үйрөтүү каралган.* |

*Студенттердин жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ийкемдүү окуу траекторияларын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзгөн жагымдуу билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек.*

*Студенттер менен окутуучулардын ортосундагы өз ара аракеттенүү студенттин инсандыгына урмат-сый көрсөтүүнү камсыздайт.*

*Билим берүү программасы студенттердин Окуу натыйжаларына толук жетишүүсүн камсыз кылуу үчүн маалыматтык-билим берүү, илимий-изилдөө жана окуу-усулдук ресурстар (усулдук колдонмолор, китептер, электрондук ресурстар, кошумча адабияттар) менен камсыз болушу керек.*

*Академиялык мобилдүүлүк маанилүү фактор болуп саналат, ал студенттердин окуу планынын бир катар дисциплиналарын башка өлкөлөрдүн же өлкөнүн Билим берүү уюмдарында окуп-үйрөнүүсүн, практикаларды жана стажировкаларды өтүүсүн карайт.*

*Билим берүү программасы башка университеттер жана илимий мекемелер менен өнөктөштүктү өнүктүрүп, студенттерге башка университеттердин ресурстарына жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.*

***Стандартка Колдонм***

*Билим берүү программалары билим берүү уюмдарынын билим берүү миссиясынын өзөгүн түзөт. Алар студенттерге академиялык билимдерди жана маанилүү көндүмдөрдү, анын ичинде алардын инсандык өнүгүүсүнө таасир эте турган жана келечектеги карьерасында колдонсо болот.*

*Студентке багытталган окутуу жана окутуу мотивацияны, өз алдынча ой жүгүртүүнү жана студенттердин окуу процессине катышуусун өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул процесс окуу планын иштеп чыгууга жана тапшырууга, ошондой эле окуунун натыйжаларын баалоого тең салмактуу мамилени талап кылат.*

*Студенттерге академиялык карьерасын өнүктүрүү үчүн зарыл болгон шарттарды жана колдоону камсыз кылуу жеке студенттердин, программалардын, мекемелердин жана системалардын эң жакшы кызыкчылыктарын эске алуу менен жасалышы керек. Студенттик кабыл алуу, таануу жана аяктоо жол-жоболору белгиленген максаттарга жооп бериши абдан маанилүү, айрыкча студенттердин өлкө ичинде жана эл аралык деңгээлде мобилдүүлүгүнүн чөйрөсүндө.*

*Кирүү саясаттары, процесстери жана студенттерди кабыл алуу критерийлери бирдиктүү жана ачык-айкын түрдө ишке ашырылышы маанилүү. Жогорку окуу жайына кабыл алынгандан кийин студенттерге университетке жана билим берүү программасына ылайыкташуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек.*

*Мекемелер студенттердин жетишкендиктери боюнча маалыматты чогултуу, көзөмөлдөө жана көзөмөлдөө процесстерин жана инструменттерин ишке ашыруусу керек.*

*Жогорку билим берүүнүн квалификациясын, окуу мөөнөттөрүн жана мурунку билимин объективдүү таануу, анын ичинде формалдуу эмес жана формалдуу эмес окутууну таануу студенттердин окуу процессинде прогрессти камсыз кылуунун жана ошол эле учурда мобилдүүлүккө көмөктөшүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

*Бүтүрүү студенттин билим алуу мезгилинин туу чокусун билдирет. Студенттер жетишилген квалификацияны түшүндүргөн тиешелүү документтерди, анын ичинде жетишилген окуу натыйжаларын, алынган билимдин контекстти, деңгээлин, мазмунун жана статусун, ошондой эле ийгиликтүү аяктагандыгынын далилдерин алышы керек.*

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй өзүн-өзү баалоо отчету өзгөчө дыкаттык менен, адистиктин спецификасын эске алуу менен түзүлгөн. Эксперттик комиссиянын пикири боюнча окуу программалары (силлабустар) стандарттын талаптарына ылайык түзүлгөнү менен, аларга өзгөртүүлөрдү жана кошумчаларды киргизүү, айрым топтук дисциплиналарды оптималдаштыруу зарыл. Ар бир дисциплина боюнча силлабустардын так жана студенттерге ыңгайлуу болушу керектиги, ошондой эле окшош темалардын ар кандай сабактарда кайталоо фактысын жоюу зарылдыгы белгиленет.

Интервьюлардын жыйынтыгы боюнча студенттер негизинен билим берүү процессинен канааттангандыгын билдиришкен, бирок алар көбүрөөк аудиториялык сабактардын болушун каалашат, анткени көпчүлүгүнүн үй шарттары окууга ыңгайсыз, музыкалык аспаптарды ойной алышпайт. Ошондой эде студенттер дагы белгилүү борбордук чыгармачылык ЖОЖдордун катышуусу менен мастер-класстарды көбүрөөк өткөрүүнү каалашат. Студенттерди илимий-изилдөө ишине тартуу үчүн атайын программа же план жетишпейт.

Эксперттик комиссиянын ою боюнча окуу программалары негизинен талаптарга жооп берет, бирок алардын формулировкаларын студенттер үчүн жеткиликтүү жана түшүнүктүү кылып өзгөртүү керек. Жасалган иштердин жана оң тенденциянын негизинде окуу уюму берилген сунуштарды эске алуу менен билим берүү процессин дагы да жакшыртуусу керектиги белгиленди. Студенттердин жетишкендиктери тууралуу маалымат сайттарда жарым-жартылай жеткиликтүү.

Тышкы эксперттик комиссиянын иш сапарынын жыйынтыгында билим берүү программасынын негизги багыты туура экендиги жана студенттерге багытталган окуу процессин өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөнү белгиленди. Билим берүү программасында аналитикалык жана сынчыл ой жүгүртүүгө үйрөтүү принциптери каралган жана белгилүү бир деңгээлде ишке ашырылып жатат. Программада студенттерди окуу процессин биргелешип түзүүгө активдүү тартуу үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн. Стандарт жана программа негизги талаптарга жооп берет. Программаларда практикалык колдонууга басым жасалганы, интерактивдүү окутуу ыкмалары колдонулганы — жакшы жыйынтыктарды берет.

Академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү боюнча иш-аракеттер жетишсиз. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгү үчүн атайын план иштелип чыга элек. Окуу-методикалык ресурстардын жетишсиздиги студенттердин билим сапатына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Өзүнүн стандартын өркүндөтүү, илимий ишмердүүлүккө активдүү тартуу, ички жана тышкы стейкхолдерлер менен өз ара аракетти тереңдетүү аркылуу билим берүү сапатын дагы да жогорулатууга мүмкүнчүлүк бар.

***Артыкчылыгы / Преимущества***

1. *Окуу процессинде интерактивдүү, инновациялык жана долбоордук методдор колдонулат.*
2. *Окуу чөйрөсү студенттердин эркин өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу.*

3. *Окуу программалары студенттерге ыңгайлуу жана заманбап багытта уюштурулган.*
4. *Интерактивдүү, инновациялык, долбоордук окутуу методдору кеңири колдонулат.*

***Сунушталган иш чаралар/ Рекомендуемые меры***

1. *Силлабустарды жаңыртып, студенттерге түшүнүктүү жана логикалык бир калыпка келтирүү.*
2. *Бир эле темалардын кайталанышына жол бербөө үчүн жалпы дисциплиналарды кайра кароо.*
3. *Студенттер үчүн илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө багытталган өзүнчө план же модуль иштеп чыгуу.*
4. *Аудиториялык сабактарды көбөйтүү, өзгөчө үй шарттары ыңгайсыз болгон студенттер үчүн.*
5. *Борбордук чыгармачыл ЖОЖдор менен биргелешкен мастер-класстарды уюштуруу.*
6. *Студенттердин жетишкендиктери боюнча маалыматтарды университеттин расмий сайтында системалуу жана өз убагында жайгаштыруу.*
7. *Академиялык мобилдүүлүккө мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү (башка ЖОЖдордо практика өтүү, предметтерди тандоо).*
8. *Окуу-методикалык жана илимий-изилдөө ресурстарын (китептер, методикалык колдонмолор, электрондук ресурстар) толуктоо.*

***Сунуштар милдеттүү түрдө аткарылышы керек / Рекомендации обязательные к исполнению***

1. *Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн атайын план иштеп чыгуу жана системалуу киргизүү.*
2. *Академиялык мобилдүүлүктү күчөтүү боюнча атайын иш-чаралар планын иштеп чыгып, ишке ашыруу.*
3. *Студенттердин жетишкендиктери боюнча маалыматтарды системалуу түрдө электрондук базада жана сайтта жарыялап туруу.*
4. *Силлабустарды жаңыртып, студенттердин реалдуу муктаждыктарына жана эмгек рыногунун талаптарына жооп бере турган формада түзүү.*
5. *Окуу жана илимий-методикалык ресурстардын базасын өзгөчө көңүл буруп кеңейтүү жана жаңыртуу.*

***4-стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – ушул Агенттиктин стандартына Көбүнчөсү дал келет /Решение комиссии по Стандарту 4 – деятельность ОП –В большей степени соответствуетданному Стандарту Агентства).***

## *5-СТАНДАРТ. ПРОФЕССОРДУК-ОКУТУУЧУЛАР КУРАМЫ.*

| |
|---|
| ***Стандарттын аныктамасы***<br><br>*Бул стандартка ылайык, Билим берүү программасынын алкагында окутуучуларынын компетенттүүлүгүнө ишеним болушу керек. Билим берүү программасы кызматкерлерин жумушка алуу жана алардын кесиптик өсүшүн өнүктүрүүдө адилеттүү жана ачык-айкын процесстерди колдонушу зарыл.*<br><br>*Профессордук-окутуучулук курамы (ПОК) билим берүү программасы камтыган бардык билим тармактары боюнча адистер менен камсыздалууга тийиш.*<br><br>*ПОК тиешелүү негизги билимге ээ болуп, квалификациясын системалуу түрдө жогорулатууга, кошумча билим алууга, стажировкалардан өтүүгө жана башка ушул сыяктуу иш-чараларга катышууга тийиш.*<br><br>*Маанилүү факторлордун бири – ПОКтун тиешелүү тармакта иш тажрыйбасынын болушу жана илимий-изилдөө долбоорлорун ишке ашыруу.*<br><br>*ПОК билим берүү программасын жалпы жакшыртууга жана анын айрым дисциплиналарын өркүндөтүүгө жигердүү катышууга тийиш.*<br><br>*Маанилүү факторлордун бири – окутуучулардын кесиптик коомдорго мүчө болуусу, стипендиялар жана гранттарды алуусу.*<br><br>*Окутуучулар илимий-изилдөө, долбоордук жана илимий-методикалык иштерди активдүү аткарышы керек, бул илимий-изилдөө жана илимий-методикалык иштер боюнча отчеттор, илимий конференцияларга катышуу жана илимий басылмалардын болушу менен тастыкталышы зарыл.*<br><br>*Ар бир окутуучу өзүнүн дисциплинасынын окуу планындагы ордун, анын мурунку жана кийинки дисциплиналар менен болгон байланышын билүүгө жана түшүндүрүүгө жөндөмдүү болушу керек. Ошондой эле, ал дисциплинанын адисти калыптандыруудагы окуу натыйжаларын камсыздоодогу ролун так түшүнүшү зарыл.*<br><br>*Билим берүү программасынын алкагында ПОК үчүн чыгармачылык, инсандык жана кесиптик өнүгүү үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.* |
| ***Стандартка Колдонмо***<br><br>*Окутуучунун ролу жогорку сапаттагы билим берүүнүн жана студенттердин билимдерди, компетенцияларды жана көндүмдөрдү өздөштүрүүсүнүн негизги фактору болуп саналат. Студенттердин ар түрдүүлүгү жана окуу натыйжаларына болгон жогорулатылган көңүл студентке багытталган окутууну жана окутуунун жаңы ыкмаларын талап кылат, мында окутуучунун ролу да өзгөрөт.* |

*Жогорку окуу жайлары өз кызматкерлеринин кесипкөйлүгү жана алардын натыйжалуу иштеши үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча негизги жоопкерчиликти өзүнө алышы керек. Мындай чөйрө:*

- *кызматкерлерди жумушка алуунун түшүнүктүү, ачык жана адилеттүү процессин белгилейт жана окутуучулук ишмердүүлүктүн маанилүүлүгүн тааныган иш шарттарын камсыз кылат;*
- *профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик өнүгүүсүнө мүмкүнчүлүктөр түзүп, аны колдойт;*
- *билим берүү менен илимий-изилдөө иштеринин байланышын чыңдоо үчүн илимий ишмердүүлүктү колдойт; окутуу ыкмаларына инновацияларды киргизүүгө жана жаңы технологияларды колдонууга көмөктөшөт.*

***Жалпы баалоо ББП 570012 - «Музыкалык эстрада искусствосу» (түрлөрү боюнча)***

Стандарттын мазмунун талдоо көрсөткөндөй, бул стандарттын негизинде билим берүү программасынын (ББП) алкагында кызматкерлерди ишке алуу жана алардын кесиптик өсүшүн өнүктүрүү боюнча адилеттүү жана ачык-айкын процесстер колдонулат. Бул окутуучулардын компетенттүүлүгүнө ишенич түзүү максатында жүргүзүлөт, анткени университет менен окутуучунун ортосунда түзүлгөн келишим бир жылдык мөөнөткө түзүлөт. Бир жыл ичинде окутуучу KPI системасы боюнча белгиленген упайларды топтошу керек. Эгерде жетиштүү упай топтой албаса, анда анын орду бош орун катары калат.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча, профессордук-окутуучулук курам (ПОК) тиешелүү базалык билимге ээ жана кошумча билим берүү, стажировка жана башка жолдор аркылуу үзгүлтүксүз квалификациясын жогорулатат.

Студенттер менен болгон интервью учурунда комиссия төмөнкүдөй жыйынтыкка келди: KPI системасындагы атаандаштыкка карабастан, айрым учурларда жаш, таланттуу бүтүрүүчүлөр жумушсуз калып калышы мүмкүн.

Берилген документтерди жана өткөрүлгөн интервьюларды талдоо негизинде комиссия ПОК билим берүү программасын жана анын айрым дисциплиналарын өркүндөтүүгө активдүү катышарын аныктады.

Билим берүү программасындагы жалпы ПОК саны – 19 адам, алардын ичинен 5 окутуучу илимий даражага ээ, бул жалпы ПОКтун 26% түзөт. Бирок бул жерде билим берүү программасынын өзгөчөлүгүн эске алуу керек, себеби ал негизинен концерттик-аткаруучулук ишмердүүлүккө багытталган жана ал илимий-изилдөө иши менен азыраак байланыштуу.

ПОКтун квалификациясын жогорулатуу жагында эксперттик комиссия системалуу түрдө квалификациянын жогорулашы байкалганын, анын ичинде жаш окутуучулар арасында дагы бар экенин белгилейт.

Билим берүү уюму (ББУ) жана билим берүү программасы (ББП) өзүнүн ПОКун квалификациялык жактан үзгүлтүксүз өнүктүрүүгө шарттарды түзүп бергени аныкталды, муну квалификацияны жогорулатуу пландарынын болушу дагы тастыктайт.

Эксперттик комиссия ПОК билим берүү программасынын алкагында илимий-изилдөө, конструкциялык жана илимий-методикалык иштерге активдүү катышуусу зарыл экенин баса белгилейт. Бул иштер илимий-изилдөө жана илимий-методикалык иштер

боюнча отчеттор менен, илимий конференцияларга катышуу жана илимий макалалардын жарык көрүшү менен ырасталышы керек.

Окутуучулар ар бири өз дисциплинасынын окуу планындагы ордун, анын мурдагы жана кийинки сабактар менен байланыштарын так билип жана далилдей билиши керек. Ошондой эле өз сабагынын студенттердин билим жана компетенцияларын калыптандыруудагы ролун түшүнүшү зарыл экенине билим берүү программасынын жетекчилиги өзгөчө көңүл бурушу керек.

Материалдарды изилдөө жана интервьюларды жүргүзүү процессинде эксперттик комиссия тарабынан билим берүү уюмунун/программасынын/ПОКтун публикациялык активдүүлүк жана илимий-изилдөө иштери боюнча жетишсиз иштерди жүргүзүп жаткандыгы белгиленди.

Изилдөө документтерине жана интервьюлардын жүрүшүндө алынган маалыматтарга таянып, комиссия жаш окутуучулар арасында илимий-изилдөө ишмердүүлүгүндө оң динамика бар экенин, жана бул аракеттер университет тарабынан колдоого алынарын жана кубатталаарын белгиледи.

Ошону менен катар, эстрадалык музыкалык искусство чөйрөсүндө илимий-изилдөө ишмердүүлүгү үчүн азырынча аз изилденген темалардын болушу жаш окутуучулардын кызыгуусун ойготушу жана аларды бул багытта иштөөгө шыктандырышы керектиги көрсөтүлдү.

Ийгиликтер катары чыгармачылык, жеке жана кесиптик өсүү үчүн жагымдуу шарттардын түзүлгөнү белгиленди.

Алынган маалыматтар, өзүн-өзү баалоо отчету, SWOT-анализ, берилген далил базасы жана өткөрүлгөн интервьюлардын жыйынтыгы боюнча эксперттик комиссия төмөнкү жыйынтыктарга келди эксперттик комиссия публикациялык активдүүлүк жана илимий ишмердүүлүк тармагында айрым жетишпестиктерди белгиледи, бирок жаш окутуучуларда оң тенденция байкалууда жана университет тарабынан бул аракеттер колдоого алынат. Эстрадалык музыкалык искусстводо изилдөөгө ачык темалар бар, бул жаш мугалимдерди активдүүрөөк болууга түрткү болушу керек.

***Артыкчылыгы / Преимущества***

1. *Адилеттүү жана ачык-айкын кызматкерлерди тандоо жана өнүктүрүү процесстери иштеп жатат.*
2. *ПОКтун базалык билими жетиштүү жана квалификациясын системалуу түрдө жогорулатып турат.*
3. *Жаш окутуучулардын илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө кызыгуусу байкалууда жана университет тарабынан колдоо көрсөтүлүүдө.*
4. *Чыгармачылык жана кесиптик өнүгүү үчүн жагымдуу шарттар түзүлгөн.*

***Сунушталган иш чаралар/ Рекомендуемые меры***

1. *Илимий-изилдөө жана публикациялык ишмердүүлүктү күчөтүү үчүн мотивациялык механизмдерди иштеп чыгуу.*
2. *Окутуучуларды өз дисциплиналарынын окуу планындагы ордун жана өз ара байланыштарын түшүндүрүүгө жана далилдөөгө үйрөтүү боюнча тренингдерди уюштуруу.*
3. *Жаш бүтүрүүчүлөрдү жумушка тартуу жана колдоо боюнча атайын программаларды киргизүү.*

4. *Мугалимдердин гранттарды жана престиждүү стипендияларды алуу үчүн сынактарга катышуусу.*
5. *Аймактык, бүткүл россиялык жана эл аралык конференцияларга, тренингдерге, семинарларга, квалификацияны жогорулатуу курстарына катышуу*

***Сунуштар милдеттүү түрдө аткарылышы керек / Рекомендации обязательные к исполнению***

1. *ПОКтун илимий-изилдөө жана илимий-методикалык иштер боюнча отчётторун жана публикацияларын милдеттүү түрдө камсыз кылуу.*
2. *KPI системасында атаандаштыктын терс таасирин азайтуу үчүн кадр саясатын тең салмактуу жүргүзүү.*
3. *Ар бир окутуучунун өз дисциплинасынын окуу программасындагы ордун жана маанисин так билүүсүн жана аны студенттерге жеткиликтүү түшүндүрө алышын талап кылуу.*
4. *Эстрадалык музыканын өзгөчөлүгүнө багытталган квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу.*

***5-стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – ушул Агенттиктин стандартына Көбүнчөсү дал келет /Решение комиссии по Стандарту 5 – деятельность ОП –В большей степени соответствуетданному Стандарту Агентства).***

## *6-СТАНДАРТ. ИНФРСТРУКТУРА, РЕСУРСТАР ЖАНА СТУДЕНТТЕРДИ КОЛДОО*

***Стандарттын аныктамасы***

*Бул стандартка ылайык, Билим берүү уюму/Билим берүү программасы окутуу жана окутуучулук ишмердүүлүгү үчүн жетиштүү ресурстарга жана каржылоого ээ болушу керек, студенттер үчүн жеткиликтүү жана ылайыктуу окуу материалдарын жана колдоо механизмдерин, анын ичинде ден соолук жана коопсуздук маселелерин камсыз кылууга тийиш.*

*Билим берүү программасында материалдык-техникалык жабдуулар туруктуу түрдө жаңыланып, өркүндөтүлүп жана кеңейтилип турушу зарыл.*

*Окуу аудиториялары, лабораториялар жана алардын жабдуулары заманбап болуп, билим берүү программасынын максаттарына жана күтүлгөн жыйынтыктарына шайкеш келиши керек. Инфраструктура, кызмат көрсөтүүлөр жана окуу ресурстары стейкхолдерлердин талаптары менен муктаждыктарын канааттандырууга тийиш. Студенттер өз алдынча окуу жана изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүктөргө ээ болушу керек.*

*Билим берүү программасы (Билим берүү уюму/бөлүмү) окуу үчүн зарыл болгон материалдарды камтыган китепканага ээ болушу керек: окуу, техникалык жана маалыматтык адабияттар, ар кандай мезгилдүү басылмалар ж.б.*

*Студенттер менен окутуучулар үчүн маалыматтык ресурстарга (локалдык тармак, интернет) кирүүгө мүмкүнчүлүк берген компьютердик класстар жана терминалдар жеткиликтүү болушу зарыл.*

*Студенттердин өз алдынча билим алуусу жана кесиптик, жеке өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу билим берүү чөйрөсү түзүлүшү керек.*

*Инфраструктураны жакшыртуу боюнча пландаштырууда студенттер менен профессордук-окутуучулук курамдын күтүүлөрүн эске алуу механизми иштелип чыгып, колдонууга киргизилиши керек.*

*Билим берүү уюмунун жана Билим берүү программасынын жетекчилиги инфраструктураны өнүктүрүү жана академиялык, башка колдоо кызматтарын көрсөтүү аркылуу студенттер менен профессордук-окутуучулук курамдын муктаждыктарына өз убагында жооп кайтарышы зарыл. Билим берүү уюму бул ресурстардын жеткиликтүүлүгүн жана колдонулушун көзөмөлдөөгө тийиш.*

*Билим берүү программасынын деңгээлинде студенттер жана профессордук-окутуучулук курам үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты бааланып турушу керек.*

***Стандартка Колдонмо***

*Натыйжалуу окутууну камсыз кылуу максатында, Билим берүү уюму/Билим берүү программасы студенттерди окуу процессинде колдоо жана жардам көрсөтүү үчүн керектүү окуу ресурстары менен камсыздоого тийиш. Мындай ресурстар материалдык (мисалы, китепканалар, окуу жабдуулары, маалыматтык-технологиялык инфраструктура) жана адамдык (мисалы, насаатчылар, кураторлор жана башка консультанттар) болушу мүмкүн.*

*Окуу ресурстарын бөлүштүрүү, пландаштыруу, студенттерди колдоо, ошондой эле студентке багытталган билим берүү жана ийкемдүү окутуу моделдерине өтүү учурунда ар түрдүү студенттердин (мисалы, иштегендер, бойго жеткендер, жарым-жартылай окугандар, чет өлкөлүк студенттер жана мүмкүнчүлүгү чектелгендер) муктаждыктары эске алынууга тийиш. Ошондой эле Билим берүү уюму/Билим берүү программасы тарабынан студенттердин сапаттуу билим алуусун камсыздоо үчүн зарыл болгон ресурстар, анын ичинде алардын ден соолугу жана коопсуздугуна байланышкан маселелер боюнча колдоо көрсөтүлүшү керек.*

*Студенттерди колдоо чаралары жана шарттары ар кандай институционалдык контекстке жараша ар түрдүү форматта уюштурулушу мүмкүн. Ошого карабастан, ички сапатты камсыздоо системасы бардык ресурстардын белгиленген максаттарга шайкеш келишин, жеткиликтүүлүгүн жана студенттердин алар тууралуу маалымдуулугун кепилдейт.*

*Студенттерди колдоо кызматтарын көрсөтүүдө техникалык жана административдик кызматкерлердин ролу маанилүү болуп саналат. Ошондуктан, алар тийиштүү квалификацияга ээ болуп, өз компетенцияларын жогорулатууга мүмкүнчүлүк алышы керек.*

**Жалпы баалоо *ББП* 570012 - «Музыкалык эстрада искусствосу» (түрлөрү боюнча)**

Анализдин жана берилген документтердин негизинде Билим берүү программасы (ББП) "Элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо" кафедрасында билим берүү жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүк үчүн зарыл болгон инфраструктура жана материалдык-техникалык база түзүлгөн. Материалдык-техникалык жабдуу заманбап талаптарга ылайык мезгил-мезгили менен жаңыртылып жана кеңейтилүүдө деген эксперттик комиссия жыйынтыкка келди.

Билим берүү чөйрөсү студенттердин өз алдынча билим алуусуна, кесиптик жана чыгармачылык өнүгүүсүнө ыңгайлуу шарттарды камсыз кылат.

Ошондой эле билим берүү процесси инклюзивдик билим берүүнүн принциптерин эске алуу менен ийкемдүү моделдер аркылуу уюштурулган.

Артыкчылыктарына көңүл бурсак, окуу корпустары, концерттик жана хореографиялык залдар, музыкалык аспаптар жана жабдуулар (фортепиано, баян, аккордеон, комуз ж.б.) жетиштүү деңгээлде камсыздалган. Компьютердик класстар, интернетке туташкан терминалдар жана мультимедиялык каражаттар студенттер үчүн жеткиликтүү. Электрондук билим берүү платформалары (MyEdu, ОшМУ электрондук китепканасы) активдүү колдонулуп жатат. Илимий жетекчилик жана академиялык кеңеш берүү системасы иштелип чыккан жана иш жүзүндө колдонулуп жатат. Студенттер үчүн медициналык жардам, жатакана жана ден-соолук чыңдоочу кызматтар жеткиликтүү. Окуу процессинде инновациялык методдор колдонулат (виртуалдык лабораториялар, мультимедиялык комплекстер). Студенттер үчүн академиялык, социалдык жана маданий колдоо кызматтары иштейт.

Интервьюда студентер жана окутуучулар кээ бир кемчиликтерди белгилеп кетти, мисалы, материалдык-техникалык базанын кээ бир элементтери (эски музыкалык аспаптар, жабдуулар) заманбап талаптарга толук жооп бербеши мүмкүн. Илимий-изилдөө иштеринин активдүүлүгү бардык деңгээлде бирдей эмес (айрым окутуучулардын жана студенттердин активдүүлүгү төмөн). Практикалык жана лабораториялык иштердин материалдык базасы бардык муктаждыктарды толук камтыбай калышы мүмкүн (айрым музыкалык аспаптардын комплектинин жетишсиздиги белгиленет).

Студенттер менен болгон интервьюлардын жыйынтыгы боюнча белгиленген артыкчылыктар: Студенттер окуу процессинде жеке аспаптар менен камсыз болууга мүмкүнчүлүк алгандыгын жана практикалык сабактарда колдонулган заманбап мультимедиялык жабдууларды оң баалашты. Студенттер өз алдынча иштөө жана чыгармачылык өнүгүү үчүн жакшы шарттар түзүлгөндүгүн белгилешти (электрондук китепканага, интернетке, компьютердик класстарга жеткиликтүүлүк). Академиялык кеңеш берүү жана илимий жетекчилик системасынын болушу студенттерге практикалык жана изилдөө иштеринде чоң жардам берип жатканын айтышты. Студенттер жатаканалардагы шарттарды жана медициналык кызмат көрсөтүүлөрдү канааттандырарлык деп белгилешти.

Иш берүүчүлөр менен болгон интервьюлардын жыйынтыгы боюнча белгиленген артыкчылыктар: Иш берүүчүлөр бүтүрүүчүлөрдүн практикалык көндүмдөрү жана музыкалык аткаруучулук даярдыгы жакшы деңгээлде экенин баса белгилешти. Бүтүрүүчүлөрдүн чыгармачылык потенциалы, индивидуалдык иштөөгө жөндөмдүүлүгү жана сахна маданияты боюнча билимдери канааттандырарлык экени белгиленди. Билим

берүү программасынын багыты жана мазмуну эмгек рыногунун талаптарына ылайык экендиги оң бааланды.

Студенттер жана иш берүүчүлөр тарабынан берилген сунушталган: Музыкалык аспаптардын түрлөрүн жана санын көбөйтүү (айрым аспаптар жетишсиз же эскилиги жеткен). Дагы көбүрөөк мастер-класстарды жана атактуу музыканттар менен жолугушууларды уюштуруу. Практикалык сабактардын санын көбөйтүү жана концерттик иш-чараларда студенттердин катышуусун жогорулатуу. Бүтүрүүчүлөрдүн сценалык аракеттерди башкаруу, коммуникация жана таймашуу жөндөмдөрүн дагы да өнүктүрүү. Студенттердин инновациялык музыкалык технологияларды (үн жазуу, аранжировка программалары) колдонуу көндүмдөрүн бекемдөө. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик портфолиосун (чыгармачылык иштердин портфели) түзүү боюнча ишти системалаштыруу.

Эксперттик комиссия студенттер жана иш берүүчүлөр менен болгон интервьюлардын жыйынтыгы боюнча билим берүү программасы өзүнүн максаттарына жана рыноктун талаптарына негизинен жооп берип жатканын белгилейт. Ошол эле учурда, материалдык базаны жаңыртуу, практика жана чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү боюнча сунуштар көңүлгө алынышы керек.

***Артыкчылыгы / Преимущества***

1. *Билим берүү программасы заманбап материалдык-техникалык базага (окуу корпустары, концерттик залдар, музыкалык аспаптар, компьютердик класстар) ээ.*
2. *Электрондук билим берүү ресурстары жана онлайн платформалар кеңири колдонулат (MyEdu, электрондук китепкана, мультимедиялык жабдуулар).*
3. *Академиялык кеңеш берүү жана илимий жетекчилик системасы иштеп жатат жана студенттер тарабынан жакшы кабыл алынган.*
4. *Студенттердин чыгармачылык иштерин колдоо үчүн концерттик зал, үн жазуу каанасы жана аспаптар сакталуучу атайын жайлар бар.*
5. *Иш берүүчүлөр бүтүрүүчүлөрдүн практикалык даярдыгын жана чыгармачылык потенциалын оң баалашкан.*
6. *Студенттердин медициналык тейлөөгө, жатаканаларга жана социалдык колдоого жеткиликтүүлүгү камсыздалган.*

***Сунушталган иш чаралар/ Рекомендуемые меры***

1. *Материалдык-техникалык базаны үзгүлтүксүз жаңыртып туруу (айрыкча эскирген музыкалык аспаптарды алмаштыруу жана жаңы аспаптар менен толуктоо).*
2. *Практикалык сабактарды жана концерттик аткарууларды көбөйтүү аркылуу студенттердин сахналык тажрыйбасын чыңдоо.*
3. *Илимий-изилдөө иштерине жана публикациялык активдүүлүккө студенттерди жана ПОКту дагы көбүрөөк тартуу.*
4. *Иш берүүчүлөрдүн сунушуна ылайык, студенттердин инновациялык музыкалык технологияларды өздөштүрүүсүнө өзгөчө көңүл буруу.*
5. *Иштеп жаткан академиялык кеңеш берүү системасын студенттердин кесиптик багыт алуусуна дагы күчөтүлгөн түрдө колдонуу.*

***Сунуштар милдеттүү түрдө аткарылышы керек / Рекомендации обязательные к исполнению***

1. *Билим берүү программасында студенттердин чыгармачылык иштери менен бирге илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн да милдеттүү элемент катары киргизүү жана көзөмөлдөө.*
2. *Жаңы музыкалык жана техникалык жабдууларды алуу боюнча системалуу план түзүп, аны аткарууну камсыз кылуу.*
3. *Ар бир студенттин чыгармачылык портфолиосу жана тажрыйбалуу практикалык иштери болушун камсыз кылуу (сахналык аткаруу, үн жазуу, композиция иштери ж.б.).*
4. *Студенттер менен иш берүүчүлөрдүн пикирлерин системалуу чогултуп, билим берүү процессин үзгүлтүксүз жакшыртуу механизмин бекемдөө.*
5. *Билим берүү программасынын инфраструктурасын жана кызмат көрсөтүүлөрүн жыл сайын студенттердин жана ПОКтун керектөөлөрүнө жараша баалоону жана жаңыртууну жүргүзүү.*

***6-стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – ушул Агенттиктин стандартына Көбүнчөсү дал келет /Решение комиссии по Стандарту 6 – деятельность ОП –В большей степени соответствуетданному Стандарту Агентства).***

## *7-СТАНДАРТ: ОТЧЕТТУУЛУК, АЙКЫНДУУЛУК, МААЛЫМАТТЫ БАШКАРУУ ЖАНА АНЫН ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮ. КООМЧУЛУКТУ МААЛЫМДОО.*

***Стандарттын аныктамасы***

*Билим берүү уюму/Билим берүү программасы өзүнүн билим берүү программаларын жана башка ишмердүүлүгүн натыйжалуу башкаруу үчүн тиешелүү маалыматтарды чогултуп, талдап жана колдонууга кепилдик бериши керек.*

*Бул стандартка ылайык, программаны ишке ашырууда башкаруунун ачык-айкын системасы иштеп, бардык стейкхолдерлер үчүн керектүү документтерге жана маалыматтарга жеткиликтүүлүк камсыздалышы керек.*

*Билим берүү программасын ишке ашырууда отчеттуулук принциптери сакталышы керек: коомчулукка жана бардык стейкхолдерлерге толук, системалуу жана ишенимдүү маалымат берүү.*

*Билим берүү программасынын жетекчилиги студенттер үчүн, ПОК жана башка стейкхолдерлер үчүн ачык жана жеткиликтүү экенин тастыктаган далилдерди камсыз кылат жана көрсөтөт.*

*Билим берүү программасында чечим кабыл алуунун ачык-айкын саясаты жана коомчулукту жана кызыкдар тараптарды объективдүү жана өз убагында маалымдоо механизмдери иштейт. Билим берүү уюму/Билим берүү программасы өз ишмердүүлүгү тууралуу*

| |
|---|
| *маалыматтарды жарыялап турууга тийиш, бул маалымат так, объективдүү, актуалдуу жана оңой жеткиликтүү болушу керек.* |
| ***Стандартка Колдонмо***<br><br>*Ишенимдүү маалымат – бул чечим кабыл алуу үчүн жана кайсы нерсе натыйжалуу иштеп жатканын, кайсынысы жакшыртууну талап кыларын билүү үчүн зарыл шарт болуп саналат. Билим берүү программалары жана башка ишмердүүлүктөр боюнча маалыматтарды үзгүлтүксүз жана системалуу түрдө чогултуу жана талдоо процессинин натыйжалуу болушу ички сапатты камсыздоо системасынын ишине чоң салым кошот.*<br><br>*Маалыматтын кандайча чогултулушу билим берүү уюмунун түрүнө жана миссиясына жараша бир аз айырмаланышы мүмкүн. Бирок, төмөнкү маалыматтар өзгөчө маанилүү болуп саналат: негизги көрсөткүчтөр; студенттердин контингенти тууралуу маалымат; жетишкендиктери, окуу жетишкендиктери жана окуу жайдан чыгарылышы; студенттердин тандалган программаларга болгон канааттануусу; билим берүү ресурстарынын жана студенттерди колдоо кызматтарынын жеткиликтүүлүгү; бүтүрүүчүлөрдүн карьералык өсүшү.*<br><br>*Маалыматтарды чогултуу үчүн ар кандай ыкмалар колдонулушу мүмкүн. Маанилүүсү – студенттер жана кызматкерлер маалыматтарды топтоо жана талдоо, ошондой эле кийинки аракеттерди пландаштыруу процесстерине активдүү катышуусу.*<br><br>*Билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтар потенциалдуу студенттер, учурда окуп жаткан студенттер, бүтүрүүчүлөр, башка кызыкдар тараптар жана жалпы коомчулук үчүн пайдалуу болуп эсептелет.*<br><br>*Ошондуктан, билим берүү уюмдары өз ишмердүүлүгү тууралуу маалыматтарды сунуштап турушу керек. Бул маалыматтар төмөнкүлөрдү камтышы зарыл: сунушталган программалар жана кабыл алуу критерийлери, бул программалар боюнча күтүлгөн окуу натыйжалары, ыйгарылган квалификациялар, окутуу жана үйрөтүү ыкмалары, баалоо жол-жоболору жана өтүү баллдары, студенттер үчүн окуу мүмкүнчүлүктөрү, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат.*<br><br>. |

***Жалпы баалоо ББП 570012 - «Музыкалык эстрада искусствосу» (түрлөрү боюнча)***

Стандарттын мазмунун жана берилген маалыматтарды талдоо көрсөткөндөй, билим берүү уюму/билим берүү программасы (ББУ/ББП) өзүнүн билим берүү ишмердүүлүгүн жана жалпы башкаруу процессин эффективдүү жүргүзүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды үзгүлтүксүз чогултат, талдайт жана натыйжалуу колдонот.

Эксперттик комиссиянын пикири боюнча, билим берүү программасын ишке ашырууда ачык-айкын башкаруу системасы киргизилген жана бардык стейкхолдерлер үчүн зарыл болгон маалыматтарга жана документтерге жеткиликтүүлүк камсыз кылынган. Маалыматтык ресурстар жеткиликтүү абалда жана тиешелүү деңгээлде жаңыртылып турат.

Документтерди жана маалымат булактарын талдоо, ошондой эле профессордук-окутуучулук курам (ПОК), администрация жана студенттер менен өткөрүлгөн интервьюлардын негизинде комиссия билим берүү программасынын ишмердүүлүгүндө

коомчулук жана кызыкдар тараптар үчүн толук, системалуу жана ишенимдүү маалымат берүү принциби негизинен аткарылып жаткандыгын белгиледи. Ошол эле учурда айрым маалыматтардын тактыгына жана актуалдуулугуна байланыштуу жакшыртууну талап кылган учурлар да аныкталды.

Билим берүү программасынын жетекчилиги студенттер, ПОК жана башка стейкхолдерлер үчүн маалыматтык ачыктыкты жана жеткиликтүүлүктү активдүү түрдө камсыздап жатат. Чечимдерди кабыл алуудагы ачыктык саясаты жана кызыкдар тараптарды өз убагында объективдүү маалымдоо үчүн атайын механизмдер иштейт.

Информациялык ресурстарды (сайттар, MyEdu системасы, социалдык тармактар) изилдөө натыйжасында эксперттик комиссия берилген жана жайгаштырылган маалыматтар тактыгына, актуалдуулугуна жана жеткиликтүүлүгүнө оң баа берди, бирок кээ бир бөлүктөрдө системалуу жаңыртуунун зарылдыгын белгиледи.

Документтерди жана интервью материалдарын комплекстүү талдоонун негизинде комиссия төмөнкүдөй жалпы жыйынтыктарга келди: Билим берүү программасында сапатты камсыздоо, маалыматтык ачыктык жана коомчулукту маалымдоо принциптери негизинен камсыздалган. Коомчулук жана кызыкдар тараптар менен иштөөдө жетиштүү деңгээлдеги ачыктык жана жоопкерчилик бар. Ишмердүүлүктү өркүндөтүү үчүн маалыматтык ресурстарды жаңыртуу жана жеткиликтүүлүгүн үзгүлтүксүз көзөмөлдөө боюнча иштерди күчөтүү зарыл.

Эксперттик комиссия белгилейт, билим берүү программасында стейкхолдерлердин катышуусу жана пикирлерди эске алуу жакшы деңгээлде уюштурулган. Программалык чечимдерди кабыл алууда жана сапатты камсыздоо иштеринде студенттердин, окутуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн сунуштарын колдонуу оң натыйжа берүүдө.

Өзүн-өзү баалоо отчетунун, SWOT-анализдин, далил базасынын жана жүргүзүлгөн интервьюлардын негизинде билим берүү программасы туруктуу өнүгүүгө багытталган жана сапаттуу билим берүүгө шарт түзүп жатат деп бааланды. Бирок маалыматтардын тактыгы жана жаңыртылышы кээ бир учурларда жетишсиз болушу мүмкүн экени да байкалган.

Берилген документтердин негизинде комиссия маалымат системалары иштейт, бирок заманбап санарип технологияларды колдонуу менен маалыматтарды жайылтууну дагы күчөтүү зарыл деген тыянактарга келди. Кемчиликтери болуп маалыматтардын айрым бөлүктөрү убагында жаңыртылбайт; бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктери жана ишке жайгашуу көрсөткүчтөрү тууралуу маалымат жетишсиз деген тыянакка келди комиссия мүчөлөрү.

Алынган маалыматтардын жана өз алдынча баалоо отчетунун негизинде эксперттик комиссия төмөнкү жыйынтыктарга келди: ББПде маалымат системасы жана маалыматтык жеткиликтүүлүк натыйжалуу уюштурулган, бирок учурдагы маалыматтарды жаңыртуу жана стейкхолдерлердин канааттануусун үзгүлтүксүз изилдөө аркылуу дагы жогорулатуу зарыл.Ошону менен бир эле кыргыз тилинде эмес башка тилдерде (орус, англис ж.б.) маалымат берүү абзел. Коомдук маалыматтарды өз убагында жаңыртуу аркылуу ОшМУнун имиджин дагы жогорулатуу болуп эсептелинет.

***Артыкчылыгы / Преимущества***

1. *Окуу процессинин бардык этаптары боюнча натыйжалуу маалымат чогултуу жана талдоо системасы иштеп жатат (MyEdu аркылуу).*
2. *Студенттер жана кызыкдар тараптар үчүн зарыл болгон маалыматтар университеттин сайты, социалдык тармактар жана басма булактар аркылуу жеткиликтүү.*
3. *Программа иш берүүчүлөр жана коомчулук менен ачык диалог жүргүзүп, сунуштарды жана пикирлерди эске алат.*
4. *“Бирдиктүү терезе”, электрондук китепкана, медиа борбор, студенттик медиа булактар иштеп жатат.*
5. *Коомдук маалымат каражаттары менен активдүү иштешүү (телевидение, гезиттер, социалдык тармактар аркылуу маалымат жеткирүү).*

***Сунушталган иш чаралар/ Рекомендуемые меры***

1. *MyEdu жана расмий сайттардагы маалыматтарды үзгүлтүксүз актуалдаштыруу жана жаңыртуу боюнча системалуу иш жүргүзүү.*
2. *Коомчулукка маалымат жеткирүүдө бирдиктүү форматты жана стандарттарды бекем кармоо (бардык булактарда бирдей, так жана жаңыртылган маалымат берүү).*
3. *Студенттердин жана иш берүүчүлөрдүн сунуштарын үзгүлтүксүз анализдеп, аларды билим берүү программасын өркүндөтүүдө натыйжалуу колдонуу.*
4. *Иш берүүчүлөр менен иш алып барууну стратегиялык негизде күчөтүү жана жыл сайын мониторинг жүргүзүү.*
5. *Билим берүү программасынын ичиндеги чечим кабыл алуу процессинин ачык-айкындыгын дагы да бекемдөө.*

***Сунуштар милдеттүү түрдө аткарылышы керек / Рекомендации обязательные к исполнению***

1. *Билим берүү программасы боюнча бардык расмий маалыматтардын (окуу жыйынтыктары, окутуу пландары, студенттик жетишкендиктер) өз убагында жаңыртылып, жеткиликтүүлүгүн жана тактыгын камсыз кылуу.*
2. *Бардык стейкхолдерлер үчүн маалыматтык каналдардын (сайт, социалдык тармактар, гезиттер) мазмунунун сапатын көзөмөлдөө боюнча туруктуу ички мониторинг механизмин иштеп чыгуу жана колдонуу.*
3. *Программалык чечимдерди кабыл алуу процессинде студенттердин жана башка кызыкдар тараптардын сунуштарын системалуу түрдө документтештирүү жана эске алуу.*
4. *Сапатты камсыздоо системасы боюнча жүргүзүлгөн иштердин натыйжаларын жана өзгөртүүлөрдү коомчулукка өз убагында жарыялап туруу.*

***7-стандарт боюнча комиссиянын чечими – ББПнын ишмердүүлүгү – ушул Агенттиктин стандартына Жарым-жартылай дал келет /Решение комиссии по Стандарту 7 – деятельность ОП –Частично соответствует данному Стандарту Агентства).***

## *ОПтун артыкчылыктары*

| *Стандарт* | *ПРЕИМУЩЕСТВА ОО/ОП* |
|---|---|
| ***Стандарт 1*** | ***1. Маектешүүлөр көрсөткөндөй, университеттин жетекчилиги жана кызматкерлери миссияны түшүнүшөт жана аны өз ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алышат.***<br>***2. Билим берүү программаларынын максаттары жана окутуу натыйжалары университеттин миссиясына ылайык кайрадан каралып чыгууда. Мисалы, Педагогика, искусство жана журналистика институтундагы иш-аракеттер муну тастыктайт.***<br>***3. Университеттин миссиясын ишке ашырууга багытталган 2023-2026-жылдарга карата туруктуу өнүгүү модели иштелип чыккан.***<br>***4. ОшМУнун миссиясы так, кыскача жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга багытталган.*** |
| ***Стандарт 2*** | ***1. Ички жана тышкы стейкхолдерлердин активдүү катышуусу сапатты камсыздоо процессине тартылган.***<br>***2. Мониторинг жана кайра карап чыгуу системаларынын бардыгы билим берүү программаларынын үзгүлтүксүз жакшыртылышына өбөлгө түзүүдө.***<br>***3. Персоналды үзгүлтүксүз баалоо жана квалификациясын жогорулатуу механизмдери ийгиликтүү иштеп жатат.***<br>***4. Маалыматтардын ачыктыгы жана жеткиликтүүлүгү камсыздалган (мисалы, миссия, максаттар жана саясатын жарыялоо).***<br>***5. Стейкхолдерлердин пикирлерин жана сунуштарын эске алуу аркылуу программаны өнүктүрүү аракеттери жүргүзүлүүдө.***<br>***6. Окутуучуларды стимулдаштыруу боюнча иш-чаралардын (конкурстар, грамоталар) болушу.*** |
| ***Стандарт 3*** | ***1. ОшМУнун миссиясы заманбап адистерди даярдоо жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуу максатын камтыйт.***<br>***2. Миссия расмий сайтта жана тиешелүү документтерде жайгаштырылып, коомчулук жана стейкхолдерлер үчүн ачык жеткиликтүү.***<br>***3. Университеттин 2023–2026-жылдарга карата туруктуу өнүгүү модели иштелип чыккан.***<br>***4. Окуу планынын мазмунунун тактыгы жана анын аймактык иш берүүчүлөрдүн талаптары менен байланышы.***<br>***5. Окуучулардын билим сапатына жогорку канааттануусу*** |

| | |
|---|---|
| ***Стандарт 4*** | ***1. Окуу процессинде интерактивдүү, инновациялык жана долбоордук методдор колдонулат.***<br>***2. Окуу чөйрөсү студенттердин эркин өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу.***<br>***3. Окуу программалары студенттерге ыңгайлуу жана заманбап багытта уюштурулган.***<br>***4. Интерактивдүү, инновациялык, долбоордук окутуу методдору кеңири колдонулат.*** |
